DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 8, 2020

*Сагындык кызы Ж.*

# АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖАНА СОВЕТТИК ИДЕОЛОГИЯ

*Сагындык кызы Ж.*

# ТВОРЧЕСТВО И СОВЕТСКАЯ ИДЕОЛОГИЯ АЛЫМКУЛА УСЕНБАЕВА

*Sagyndyk kyzy Zh.*

# CREATIVITY AND SOVIET IDEOLOGY OF ALYMKUL USENBAEVA

*УДК: 808.1 (575.2) (04)*

*Аталган макалада кыргыз элинин төкмө акындарынын бири Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы саясий теманын орун алышы, советтик идеологиянын таасирлери тууралуу талдоолор жүрөт. Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгынын жакшы өнүккөн мезгили совет мезгилине туш келген. Мындан улам ал элдик өнөр адамдарынын башын кошкон Улуттук филармонияда иштеп, советтик системанын камкордугуна алынган, чыгармачылыгына жакшы шарттар түзүлгөн. Натыйжада эл ырчылары жаңы заман, партия, Ленин, совет өкмөтү тууралуу ырларды жаратууга басым жасагандарын байкоого болот. Акындын «Ленин», «Партия», «Жаркын келечек» сындуу ырларында совет мезгилиндеги партиянын жетишкендиктери, ийгиликтери ырдалат. Ошол мезгилдеги шаблондор, кургак чакырык мүнөзүндөгү ырлар жаралган. Мындан сырткары акындын айтыштары да советтик идеологиянын нугунда колхоз, совхоздордун ийгиликтерин, алдыңкы эмгек ишмерлеринин жетишкендиктерин даңазалоо менен ырдалган. Башкача айтканда, Алымкулдун чыгармачылыгында идеологиялык таасирлер басымдуу экендиги белгиленет.*

***Негизги сөздөр**: акын, ырлар, саясий-социалдык тема, идеология, таасир, саясий жетишкендиктер, эмгек алдыңкылары.*

*В данной статье ведется анализ влияния советской идеологии, а также роль политики в творчестве народного акына – импровизатора Алымкула Усенбаева. Лучшая пора творчества Алымкула Усенбаева пришлась именно на советский период. В последствии он работает в Национальной филармонии – кузнице творческих кадров. Акыну-импровизатору покровительствует советская власть, создавая благодатные условия для развития его творчества. В результате видно, что народные певцы сосредоточились на создании песен о новой эпохе, партии, Ленине, советской власти. В его стихах «Ленин», «Партия», «Жаркын келечек» воспеваются достижения и успехи советской партии. Шаблоны этого периода являются зарождением стихов агитационного характера. В его песнях воспеваются: советская идеология, внедряемая в колхозы, совхозы, передовики труда. Иначе говоря, преобладание влияния идеологии в творчестве Алымкула.*

***Ключевые слова:** поэт, песни, социально-политическая тема, идеология, влияние, политические достижения, передовики труда.*

*This article analyses the plays of politic and influence of soviet ideology to Alymkul Usonbaev's works, one of the greatest Kyrgyz national poets. The greatest Usonbaev's work was very popular in soviet time. As he worked in the national philharmonic that was supplying with soviet system, there were created conditions to development of his works. Achievements and progress of soviet parties are shown in poet's poems "Lenin", "Partiya", "Jarkyn Kelechek". There were created stereotypes and propaganda of that time in his poems. Also there were shown and poeticised progress of kolkhoz and sovkhoz of soviet ideology and achievements of leading workers. In other words, the influence of ideology to his works was predominant.*

***Key words:** poet, poems, social politic theme, ideology, political progress, leading workers.*

Советтик системанын келиши менен кыргыз турмушунда жана илиминде чоң өзгөрүүлөр болду.

1917-жылдагы октябрь, ноябрь революцияларынан кийин бийликке келген большевиктер өлкөнү турукташтырып, бийликти бир партияга топтоп, өзүнүн саясатын ишке ашыра баштады. Орто Азияда анын ичинде Кыргызстанда Совет бийлиги бир күндө эле орноп кеткен жок. Кээ бирлерин күч менен багындырса, кээ бирлерин сөз менен ийге келтирип жүрүп олтурду. Анын үстүнө туташ коллективтештирүү саясаты бай менен кедейлердин ортосундагы ажырымды даана аныктап, байлардын караманча каршы чыгышына алып келди. Өлкөдөгү мындай олку-солку абалды бир гана кылычтын мизи, октун күчү менен гана кармап турбастан, маданият кызматкерлеринин агитациялык күчүн көрө билген көсөм жол башчылар

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



өнөр ээлерин эпке тартты. Дал ушундай тарыхый, маданий, саясий абалды эске алганда кыргыз элинин чоң аш-тойлорун башкарып, уруунун кадырын, даңкын чыгарууда төкмөлөрдүн таасирин пайдаланып келген сыяктуу коммунистик партия өзүлөрүнүн идеясын таратууда төкмө акындардын мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууну туура тапты. Кыргызстандын ар кыл региондорунан, өрөөндөрүнөн өнөр ээлерин чогултуп, ырчы-чоорчуларын колхоз, совхоздоруна концерт койдуртуп, жумушчу-дыйкандардын руханий жан дүйнөсүн байытуу менен кошо идеологияны жайылтуунун кызматын да аткарууга өтүшкөн. Мындай процесстин кемчилик жактары менен кошо артыкчылык жактары болду. Мындан улам Токтогулдун, Калыктын, Осмонкулдун, Алымкулдун «Ленин», «Партия», «Жаркын келечек» сыяктуу ырлары жаралды Осмонкул:

«Жазга маал болгондо,
Эгин айдап, мал бакпайм.
Күзгө маал болгондо,
Орок оруп, чөп чаппайм.
Менин атым Осмонкул,
Ырдап жүрүп жан сактайм», - [1, 10-б.] деп өзүнүн ырында айткандай, Совет мезгилинде бийлик ырчыларды камкордукка алып, ишке тартып, өнөрүнүн өсүшүнө жардамчы болгон. Муну менен өз камкордугуна алган өкүмөттүн иштерин ырга салып, элдин интеллектуалдык катмарынын өсүп жетилишине жарчы болушкан. Башкача айтканда универсалдуу талантка ээ болуу менен элге багыт берчү, жол көрсөтө алчу руханий жол башчыларга айлана баштаган. Дал ушундай объективдүү жана субъектидүү себептерден улам төкмөлүк өнөрдүн өкүлдөрү коомдогу таасирдүү катмарга айланган.

Компартиянын саясаты талант ээлерин чогултуп, алардын өнөрканасын изилдегенге жаркын таланттардын ачылышына, бири-бири менен тажрыйба алмашып, чыгармачыл өнөрүн байытканга социалдык экономикалык жактан шарттарды түзүп берди. Мурда өнөр ээлери бай-манаптардын же эл массасынын кызыкчылыгын көздөп ырдап келсе, эми партиянын идеялык камчысын чаап, алардын идеяларын элге жеткирүү үчүн ырдамай болду. Бул албетте, учурдун талабы эле. Анткени “адабиятта, маданиятта саясий идеологиянын арааны жүргөн совет мезгили учурунда ошол мезгилдин сүрөтүн чагылдырган акындардын чыгармачылыгы идеологиянын капшабына кабылып, окуудан, жазуудан, изилдөөдөн четтетилип, а түгүл айрымдарынын аты да унулуп калган учуру болгон” [2, 12-б.].

А.Үсөнбаевдин «Ленин» жөнүндөгү ырында:

«Ленин атын укканда,
Кубанган менин жүрөгүм,
Эл үчүн жанын аябай,
Эркиндик жолун күрөдүм.
Эмгекчил дыйкан элиңди,
Жан дилиң менен сүрөдүн.
Ойлогон максат тилегиң,
Жанчылган дыйкан кедейди,
Жарыкка сүйрөп чыгууга,
Мына азыр биз жеттик,
Эң бир сонун кылымга» - [3, 5-б.] деген ыр саптарында идеологиялык ураандын түзмө-түз көчүрмөлөрү ырга салынган.

Негизи эле 20-40-жылдар аралыгында төкмөлүк өнөрканада эле эмес, профессионал адабияттын жанрларында өзгөчө поэзияда деле Ленин боюнча окшош эле ойлор, салыштыруулар, пикирлер айтылып, жазылып жатты.

«Конститутция» деген ырында Алымкул Совет өкмөтүнө кире элек убакыт менен андан кийинки мезгилди салыштырып мындай ырдаган:

«Эски убакта мындай теңдик болбогон,
Бай-манаптар кедейлерди кордогон.
Бай байланып, эшигинде кул болуп,
Эмгекчилер кызматында шордогон.
Эки жакка эрки менен бастырбай,
Ач карышкыр алды аркасын торкогон.
Кайгы күндөр башыбыздан алынды,
Калкым толкуп, кайра баштан жаңырды.
Союз болуп эркиндигин колго алып,
Мына кыргыз жер жүзүнө таанылды.
Малайлыкта күн өткөргөн кедейлер,
Кызматынан орден, алтын тагынды»[3, 44-б]. Бул ырда айтылып тургандай Совет мезгилине чейинки жана советтик мезгилди салыштырып, адилетсиздик, теңсиздик, кулчулук сыяктуу көрүнүштөр берилип, Октябрдын келиши менен укуктары теңделип, эркиндиктин таза абасы менен дем алып, ар бир адамдын эмгеги татыктуу бааланып, «орден», «медалдарга» ээ болгонун ырга салат. Дал ушундай мааниде эле «Биздин сот» деген ырын келтирсек болот:

«Эл жыйып суд кылчу эле эки жаран,
Бийлеген ал жыйынды зулум заман.
Пара алып, бай жанынын сөзүн сүйлөп,
Кедейди өкүм зордук кетчү талап.
Биздин суд, чын большевик, таза жүрөк.
Советтик уясынан учту түлөп.
Бир тиет, бир кишинин баласындай,
Урматка улуу орус келди сүрөп» [3, 74-б.]. Ушундай ырлар менен жаңы доорду, жаңы заманды мактап,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



андагы болуп жаткан өзгөрүүлөрдү «Москва», «Конституция күнүнө», «Жыргап жатат элибиз», «Жыйырма жылдык октябрга арнап», «Москванын көрүнүшү», «Октябрдын таңы менен», «Учкан уя» сыяктуу ырлары Советтик өлкөнүн өзгөчө ар кыл жактарын белгилеп, кыргыз элинин илими, билими, маданияты эркиндикке жеткенин баса белгилеп көрсөткөн.

Негедир жогорудагы мисалга келтирген ырларында бир жактуулукка ыктап, жалпы ой жүгүртүүдө башка төкмөлөрдөн айырмаланып турган индивидуалдык өзгөчөлүктү баамдай албайсың. Деги эле ырдалган ырлардын көпчүлүгү шаблонго түшкөн ойлор, кайталанма көз караштар менен чектелип, ырдалган ырларында кандайдыр бир берилүүлүк, өзгөчөлүк көрүнбөгөн сыяктуу.

Кеңеш мезгили, Октябрдын келген кези жөнүндө «Көр деп айтат ким мени» деген ырында Барпы мындай ырдаган экен:

«Караны, акты көргөмүн,
Карасы өмүр чөлдөрүн.
Караңгы заман муунтуп,
Кайгынын зымын өргөмүн.
Күңгүрөнүп жүргөндө,
Кырк ташын самап төлгөнүн…
Кеңештин таңы жарк этип,
Кадиксиз аткан түндөрүм.
Калпты чындап бөлгөмүн.
Калкым мага көрсөттү,
Кадыр барктын төрлөрүн.
Конуш кылдым түбөлүк,
Кутмандуу күндүн мөлдөрүн [4, 401-б.].

Бул ыр саптарындагы өзгөчөлүк, оригиналдуулук, табигыйлуулук сыяктуу жактарын баса белгилеп айтыш керек. «Аткан таң», «Улуу орус эли», «Күн», «Ай» сыяктуу салыштыруусуз эле, жон териси менен сезген ойлорду ырга салат.

Ал эми А.Үсөнбаевдин ырларындагы жалпы шаблонго түшкөн ойлор, төкмөлүк өнөрдүн сөз куроо өнөрү менен бири-бирине кынаптаган сөздөр, ошол учурдагы көпчүлүк колдонгон салыштыруулар, жөн гана саясий идеологиялык пропоганда болуп калган. Мындан улам үстүрт маанидеги, ортозаар ырлар жаралган.

Акындын чыгармаларындагы учурдун талабына ылайык айтылган ойлору, жеке эле ырларынан гана эмес айтыштарынан да ачык көрүнөт. Төкмөлүк өнөрдүн эң негизги өзгөчөлүгү ырчылык таланттын дараметин пайдаланып турмуш чындыгына айлана-чөйрөнү жана андагы болуп жаткан процесстерге даярдыгы жок эле куюлуштуруп кулакка уккулуктуу обон, адамдын көкүрөгүнө таасирдүү сөздөр менен жеткирүү максатын көздөгөн – айтыш болуп саналат эмеспи.

Айтыштардын эң эле кеңири тараган түрү эки төкмө акын ырдап жаткан ойлорду бири экинчисин улап, жактап, толуктап ырдаган алым-сабак айтышы.

Мындай метод өнөр ээсинин чеберчилигин, талантынын курчтугун, ой жүгүртүүсүнүн тереңдигин аныктап турат. Дал ушундай айтыш Алымкул менен Осмонкулдун ортосунда орун алып, Кеңеш мезгилиндеги социалдык-экономикалык шартты аныктап, доордун жүзүн чагылдырып турган.

Осмонкулдун Алымкул менен совхоздор жөнүндө ырдаган ырларында айтылган ойлорду бири-бири улап кетип турган. Осмонкулдун:

«Айталы деп биздерге
Аксакалдар буюрду.
Менден көрө кичүүсүң,
Куттуктап кой Алымкул,
Кубанычтуу жыйынды», - деп агасы жол берип жатат. Бул жердеги айтыштын нугу эркин болуп, бири-экинчисин улап кетиш милдет болуп саналат.

«Алты облус кыргызда,
Азыркы жыргал турмушта,
Жыйырма алты совхоздун,
Жыйнаган экен барларын,
Ээси келген өңдөнөт,
Өстүрүүчү чарбанын» - деп Алымкул ойду улап, журтка түшүндүрмө берип жатат. Кыргызстандагы мыкты иштеген совхоздордун жетекчилеринин жыйындарында ырдалып жаткан ырда алардын жетишкен ийгиликтери ырдалат.

Анда Осмонкул ойду логикалык жактан улап жалпы аталыштан жекеге өтө баштайт:

«Ошончо совхоз ичинен,
Ильич алды болуптур.
Кошойдун уулу Өмүрзак,
Жүз бээден алып, жүз кулун,
Баатыр деп атак коnуптур.
Байсалова Саанчы,
Беш миң литр сүт алып,
«Эпкиндүү» атка коnуптур» - деген нукта совхоздордун алдыңкы баатырларын, эмгектерин эл-журтка даңазалап, башка совхоздун өкүлдөрүнө өрнөк катары сунуштап жатат. Осмонкул ырынын соңунда:

«Ушуга теңдеш Алымкул,
Кайсы совхоз болду экен?
Айтып бер өз элиңде» - деп бүтүрсө,
Алымкул:
«Аламүдүн» совхоздо,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Асыл тукум зоот мал.
Атын айтсам малында,
«Ала Тоо» аттуу уйлар бар.
Уй баккан малчы Бектенбай,
Аман баккан кышы-жай.
Ак ниеттүү малчынын
Кызматы болот ушундай» - деп Кеминдеги «Ильич» совхозуна тең келе турчу совхоздун жок экенин атап, жалпы журттун алдында ага сый көргөзүп, даңазалап калышат. Мына бул бул түрдөгү айтыштар да ошол учурдун күрөө тамырын кармап, өлкөдөгү абалды ырга салат. Бир жагынан өлкө жетишкендиктерин, алдыңкы эмгекчилерди мактоо, даңазалоо болсо, экинчи жагынан өлкөдөгү саясий абалга сарасеп салып, мактоо озуйпасын аткарып жатышат. Бул багытта Осмонкул менен Алымкулдун алым-сабак айтыштарында көп ырдалат. Мисалы, «Көк Мойнок» совхозундагы Казболотов чабанды, Кең Таластын «Жоон төбө» совхозунун Досбергенов Төлөбай, «Оргочор» деген совхоздун Тынаева Зууракан, «Сухон хребет» совхозундагы Токтокандын дыйкандардын, эмгекчилердин эмгегин баса белгилеп ар биринин кайсы тармакта, кайсы багытта ийгиликтерге жетишкенин санап кетишип, артта калган, мамлекеттик планды аткара албай, ишти жыйынтыктуу алып бара албаган совхоздорду эл алдында уяткарып өтөт.

Алымкул: «Билбей калган экенсиң,
Эгин жактан эң төмөн.
Бир совхозуң «Кайыңды».
Аралап бир күн көрүп ал.
Ушундай артта калган айылды [3, 562-б.].
«Кайыңдыдай» жашырып,
Катып бирин калбагын!
Катып койгон экенсиз,
Дагы билбей калыпсыз,
«Чалдыбар» артта калганын,
«Директору түзүк» дейт,
Билбейби жөнүн чарбанын,
Кышында карга таштаптыр,
Кыйнатып арык малдарын», - деп ырдаса, ал эми Осмонкул:
«Капте-Талдык» совхозун
Мен айтайын жөн-жөнүн.
Көрбөй калган экенсиң
Котур койдун өлгөнүн», - деп сындап ырдашканын айтып кетким келет.

Массалык маалыматтын азыркыдай актуалдуу боло элек мезгилинде, кыргыз элинин чоң жыйындарда ырчылардын ой пикирлери чоң мааниге ээ болгон. Мындай жыйындарга акындар дыкат даярданып барышкандыгы алардын ар бир колхоз, андагы колхозчулардын ар биринин аты-жөнү, жетишкен ийгиликтери жөнүндө кеңири маалыматы болгон. Бул маалыматтарды кагазга жазып алып окубагандыгы белгилүү. Бир айтканда илип алган куйма кулактыгы бардык нерсени илгиртпей ырга салышына себеп болгон.

Алымкулдун «Ленин», «Партия» жөнүндө ырдагандарында эч кандай жаңылык жок болуп жалпы шаблон менен кайра-кайра ырдалышы-ырчылык өнөрдү дайыма көзөмөлдөп, эмнени айтыш керек жана ырдаш керектигин белгилеп тургандыктан анын реалдуу жүзүн жон териси менен сезбестен партиялык бюрократтык мүнөздө иштелген ырларды жаратышкан. Ошондуктан жалпы саясат жөнүндөгү ырларынын салмагы төмөндөп кеткен. Бардык доордогу өнөр ээлеринин, анын ичинде, төкмө ырчылардын турмуш чындыгын акты ак, караны кара деп ырдашы нукура талантка тийиштүү сапат деп эсептешкен. Мындай талант ээсинин көрсөткүчү Толубай сынчынын чындыкты тайманбай эки көзүнөн ажыраса да айтканынан көрсөк болот.

ХХ кылымдагы дүйнөнүн үчтөн эки бөлүгү тартылган экинчи дүйнөлүк согушту А.Үсөнбаев да өз башынан өткөрдү. Анын элдин духун, маанай көтөрүү, ачуу чындыкты көрсөткөн ырлары көп кездешет. Бул доорду ырга салып, кол ойноткон Алымкул өзүнүн ойлорун куюлуштуруп маселдеп берген. «Өлүмгө өлүм» деген ырында мындай ырдаган:

«Кээ жерден, кыштак калааны,
Ач көздүк менен акмактар,
Ар нерсени талады.
Кара малдай мууздады,
Катын менен баланы.
Күнү-түнү жумшап тындырбай,
Күң кылмак сүйгөн жарыңды.
Өлгөнүнө карабай,
Өжөрлүк менен чамынды.
Бетбакка кантип берелик,
Береке жыргал дүйнөнү» [5, 67-б.], - деп, ошол учурдун картинасын көркөм сөз менен тартып, элди-жерди коргоого чакырат. Кыргыз баласы үй-бүлөнүн, ата-эненин, бир туугандарын жана элинин тынчтыгын алган жоосуна айбат менен жооп кайтарууга чакырат:
«Туулуп өскөн мекенди,
Душманга кантип беребиз».

«Ак сакалдар» деген ырында согушка неберелерин, уулдарын, жээндерин кан майданга узаткан карыларга кайрат айтып:
«Бактысын тилеп, кайрат кыл,
Ата-Журт коргоп кеткендин.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Карылар кайрат кылбаса,
Калкыңдын иши болобу,
Эскилер кирбей шыманып,
Эмгектин орду толобу?
Сексен төрткө чыкканда,
Жолойду жыккан Кошойдой,
Балбандан калган салт ошол,
Баарыңар болгун ошондо» [3, 71-б.], - деп ыры менен элинин кайратына кайрат, күчүнө күч кошкон. Кыргыздын байыркы фольклордук улуттук баатырларын үлгү алып, жол көрсөтчү өзөк кылып сунуштаган. Мындай салыштыруулар «Манас» эпосун идеал туткан элдер үчүн чоң күч-кубат берип келген.

Негизи согуш ар бир адамдын жүрөгүн козгоп, капага салганын Алымкулдун ырларынан баамдасак болот. Анткени бул ырларда каргашалуу согуш окуясына эч кимдикине окшобогон индивидуалдуу позициясы көрсөтүлүп, ырларын башка акындардан өзгөчөлөй алчу атрибуттарга ээ кылган.

Бул төкмө акындын чыгармачылыгына илимий нукта объективдүү баа бере турган болсок, анда жалпы Союздук деңгээлдеги саясий көйгөйлөрдү козгоодо, айрыкча «Ленин», «Партия», «Идеология» жөнүндө ырдаган ырларында анча деле өзгөчөлүк, индивидуалдуулук байкалбаса да кандай саясий социалдык шарттар таасир бергенин көргөзгөнгө аракет кылдык.

**Адабияттар:**

1. Осмонкул. Тандалган чыгармалар. - Ф.: Кыргызстан, 1974. - 316 б.
2. Көлбаева М. Акындар чыгармачылыгындагы салттуулуктардын типологиясы. / К.Карасаев атындагы БМУ. - Б., 2014. - 120-б.
3. Үсөнбаев А. «Алымкул». - Ф., 1973. - 256-б.
4. Залкар акындар. Барпы. - Б., 2017. - 494-б.
5. Залкар акындар сериясы. Б., 2016. - 67-б.